УДК: 371.3.39

Жуматаева А. С.,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу

КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДА БАЛДАРДЫ УЛУУЛАРДЫ УРМАТТООГО ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫ

ИДЕИ ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ УВАЖЕНИЮ СТАРШИХ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОСЛОВИЦЕ

THE IDEA OF GIVING EDUCATION TO CHILDREN WITH KYRGHYZ PROVERBS APRISHATE A DULTS

Аннотация: *Бул макалада, кыргыз макал-лакаптарында чагылдырылган балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары каралды. Улуттук нарк, макал-лакап, нускалуу сөздөрдү таалим тарбияда колдонуудагы өзгөчөлүктөрдүн негизинде жаш муунду улууларды урматтоого тарбиялоо.*

Түйүндүү сөздөр. *Макал-лакап, этнопедагогика, адеп, тарбия, рух, айкөл, мурас, улууну урматтоо, фальклор, маданият, ата-эне.*

Аннотация: *В данной статье рассмотрены идеи воспитывать детей уважать старших в киргизском пословице. А также особенности уважение к старшим в использование народных ценностей, пословице, ввоспитании.*

Ключевые слова: *Пословицы, этнопедагогика, нравстенность, воспитания, дух, доброта, наследство, уважение к старшим, фальклор, культура, родители.*

Annotation. *In this item is shown the idea of children education with k proverbs to. Apre shiate adults. At the jame time to snow how use the special values of kyrghyz customs and folklor, proverbs for childrens education.*

Key words. *Proverbs, etnopedagogy, education, moral, kind hearted, folklore, cultural, parents.*

Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын бала тарбиялоо маданияты да ошончолук көөнө экендиги маалым. Кенже курагынан баштап, балдарга таалим-тарбия берүүдө, дүйнө таанытууда элдик педагогиканын идеяларын салттуу, илимий педагогиканын жоболору менен жарыш пайдалануу, аны менен катар, тарбиялоонун мазмунун олуттуу байытуу, мүмкүнчүлүгүн арттыруу, аларга адам рухун калыптандыруучу, байытуучу, өркүндөтүүчү түбөлүктүү, келечектүү дөөлөттөр катары артыкчылык берүү кадамдары кеңири жайылгандыгы байкалып турат. Эң негизгиси - жогорудагы таалим-тарбия жоболору, фольклордук чыгармалардын өзөгүндө чагылдырылгандыгы элибиздин оозеки көркөм чыгармачылыгы, элибиздин турмуш-тиричилиги, маданияты менен айрып алгыс өзөктөш экендиги. Анткени элдик жөө-жомокторубуздан улуу дастандарга чейин, ал тургай накыл кептерибизден, макал-лакаптардан тартып, санат-насыя ырларыбызга чейин баарынын мазмунунда элдик таалим-тарбия маданияты чөгөрүлгөн. [1,31] Ошол элдик таалим-тарбия маданиятынын белгилери, алардын педагогикалык мааниси, өзгөчө балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары туурасындагы ойлорду элдик накыл-кептердин макал-лакаптардын мисалында карап көрөлү.

Бул маселелерге токтолуудан мурда Кыргыз Эл Баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун жаштарга кайрылып, макал-лакаптардын тарбиялык мааниси, басма-сөздө жарыяланышы жөнүндө айткандарын баяндап кетүүнү туура көрдүм. Ал мындай деп жазат: «Улуулар кичүүлөргө акыл кеңешин айтууга милдеттүү». «Жакшы кеп жанга жагымдуу». Ошондуктан «Адеп башы тил» деген макал бар. Бул мындан тогуз жүз жыл мурда китеп бетине жазылган байыркы макал. Албетте, бул макал, китеп бетине жазылуудан алда канча мурда эле эл сөзүндө айтылып, адамдарга акыл кошкон кенч, мурас болуп келген. Бабаларыбыздын өздөрү сактаган асыл мурастарды оозеки айтып урпактарга таалим берүү менен өздөрүнүн рухий дүйнөлөрүн азыктан-

дырып, байытып, улуулары кичүүлөрүнө, билгендери билбегендерине жол көрсөтүштү.

Ошондуктан «Улуудан уялуу, кичүүдөн ийменүү», «Сыйга-сый, сыр аякка-бал» деген макалдар да жаштарды адептүүлүккө, кичи пейилдүүлүккө үйрөттү. Улуудан уялуу деген улууну көргөндө баш көтөрбөй жер карап калуу эмес. Андай уялыш жаштын рухий дүйнөсүн өстүрбөйт, анын эркин эзет. Улуудан уялуу деген — улууну урматтоо, сыйлоо, алардан жакшы иштеринен таалим алуу. Алардын алдында адеп сактоо. Ошондой эле улуулар да тек жашынып улуулугуна сыймыктанып, кичүүлөргө жогортон караса, ал баарыдан мурда керсегей болуп калат. Эмесе улуулардын ошондой кай бир керсегейлигине, элибиз: - кичүүдөн ийменүү керек деген акыл кошот. Улууларга айтылган бул кеңеш да, алар өздөрүн токтоо, адептүү, салттуу кармоо дегенге жатат.

Ошентип ата, эне менен уул-кыздардын, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы адептүүлүк, сый-урматтар байыртан эле баба салттарынын эң бийик, эң күчтүү таалим болуп жалпы элдик адепти түзгөн! [2. 605]

Мындан сырткары көптөгөн макал-лакаптарда балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары, тажрыйбалары кездешет. Алсак «Улуунун сөзүн урматта, улуулар менен сырдашпа» деген макалда улуулар бизге (жаш муундарга) акылга акыл, тарбиялоо максатында көп акыл насаттарын айтышат. Биз алардын өзүн сыйлагандай эле, сөзүн да сыйлашыбыз керек. Бул макалдын түздөн түз тарбиялык мааниси эки мааниде айталган: Улуулар менен отурганда (маек куруп) аларды урматтоо ирээтинде сөзүн кунт коюп угуу же сөзүн бөлбөө. Улуулар айткан ар бир сөзүн турмушта колдонуп, тарбиялык маанисин жаштарга жеткирүү. Мисалы: Ч.Айтматов: «Адамга эң кыйыны кун сайын адам болуу» деп айткан. Ал эми «Жаш келсе ишке, кары келсе ашка» деген макалда элибиздин наркында тигил-бул иштердин оор жеңилине карабай, токтонуп турбай, иш кылып жаткан жайда жаштар шымаланып, абалы ишке денелерин таштайт. Улуулардын колдорундагысын ала коет да, аракетти ары улайт. Улуулар, карап тургандар, анын ал адебине ыраазы болот. Батасын берет. Карылар ишке эмес, ашка чакырылат. Санжыра чечип, балдардын иштерин баамдап төрдүн төбөсүнөн орун алышат. Дасторкондо жадырап-жайнап отурушу-өзүнчө көрк. Ушундан улам «Жакшы ишке барат, жаман ашка барат» - деген туунду макал бар. Бул идея тууралуу Кыргыз Эл акыны Токтогул Сатылгановдун жаштарга жана мен жигитмин дегендерге,

«Түрүнүп иштеп эр жигит
Тишин барда таш чайна» - деп,

кайраттуулукту, белди бекем байлап иштөөгө умтулууну үндөйт.[3] **«Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсүң».** Ар бир инсан ата-эне болот эмеспи. Бул макалда «кайтар дүйнө», ошондой эле «кыңыр иш кырк жылда билинет» - деген сыяктуу мааниде айтылган. Ата-энени урматтоо ар бир перзенттин парзы. Ислам динибизде да ата-энени урматтоо, алардын ыраазылыгын алуу баса белгиленген. Бул макал менен маанилеш **«Улууга урмат, кичүүгө ызат»** деген макал да көпчүлүктүн көңүлүндө орун алып келет. Ар бир инсан өзүнө ылайыктуу урмат-сыйга татыктуу. Ошол сыңары эле ар бир инсан өзгөнү да сыйлай билүүсү зарыл. Улууларды урматтоо жана кичүүлөрдү ызаттоо менен бирге өзү да урмат сыйга татыктуу болот.

«Карынын сөзү, акылдын көзү». Кары дегенде эле биз эч нерсени түшүнбөгөн, илгерки заманда жашаган адамды элестетебиз. Жок андай эмес алар баарын түшүнүп илгерки заман болобу, азыркы заман болобу алар жалаң гана жаштарды туура жолго салуу максатында акыл кептерин айтышат. Бул карылар сүйлөгөн сөздөр акыл кептери кээ бир жаштарга жакпай да калат. Бирок алар кантсе да көптү көргөн, акылдуу болушат. Биздин жаштарга жалаң акыл сөздөрүн гана айтышат. **«Карыга катуу айтпа»**. Кыргыз макалдарынын көпчүлүгү урматтоо, тарбиялоо ирээтинде айтылат. Ошол сынары эле «Карыга катуу айтпа» - деген кыргыз макалы да улууларды урматтоо ирээтинде эл арасында колдонулуп келет. Негизги мааниси да ушунда. Карыга катуу сүйлөө, чоңдорго каяша айтуу бул эң жаман көрүнүш болгондуктан жана сыйлабагандыктын белгиси. Ушул сыяктуу терс көрүнүштөрдү жоюу максатында колдонулат. [4]

Байыртан эле улууларды урматтоого, жаштарды үндөө бул эл турмушунда, орчундуу орунду ээлеп тургандыгын макалдар аркылуу да, билип алса болот. Макалдын негизги мааниси жаштарды туура тарбиялоо. Эл ичинде урмат сыйды сактап туруу, жаштардын тарбиясы сыяктуу маселелер көп учурда чоңдордун жоопкерчилиги экени макалдарда кеңири айтылып кетти. Кыргыз макалдарын негизинен алып караганда, окуучуларга жакшы таасирин тийгизе турган макалдарды көрсөтмө куралдарга, карточкаларга пайдалануунун мааниси өтө зор.

Ар бир мугалим өз сабагында, класстан тышкаркы иштеринде же окуучулар менен болгон ар кандай максаттагы аңгемелеринде макал- лакаптарды кеңири пайдалануунга тийиш. Бирок макалдарды кандай учурларда кандай шартта, кандай тартипте, кандай ыкмаларда, пайдалануу керектигин билүү зарыл. Элдик оозеки адабияттарды, алардын ичинен элдик макалдарды тарбиялоо ишине пайдалануу деген пикир, мурдатан эле айтылып келет. Ошондуктан байыртан эле кыргыз эли тарбияга тың келип, жаштарды тарбиялоонун ар кандай жолун табышкан. Алар бизге тээ ата бабаларыбыздан бери ооздон оозго өтүп келе жаткан мурастардын бири болуп эсептелет.

Демек, биз мугалим, кыргыз жараны катары, ушундай чоң сыйкыр күчү камтылган, элдик макал-лакаптарыбыздагы балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеяларын туура пайдаланып, урпактарга жеткиликтүү түшүндүрүү менен өткөрүп берүү биздин милдетибиз.

Адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Б., 1996, 31-бет.

2. Түгөлбай Сыдыкбеков. Табылга. -Б.: «Адабият», 1991, 605-бет

3. Т. Сатылганов. Насыят Кыргыз адабияты Ант., Акындар поэзиясы, 3-том. -Б., 2011-267-б.

4. Кыргыздар 14-том. 409-444-398- бб.

5. Макал-лакаптар / А.Алсеитов. -Б.: Мам.тил жана энциклопедия борбору, 2005.-13-б.

6. «Макал-лакаптар» / Б.Алымов, В. Романов,У. Суракматова. -Ф., 1967. -3 б.